Баймырзаев Б.

Ж.Баласагын ат. КУУ

# ЖАЗУУЧУ Ө.ДАНИКЕЕВДИН «КӨКӨЙ КЕСТИ» РОМАНЫНЫН КӨРКӨМ ДҮЙНӨСҮ (5-МАКАЛА)

Адамдардын жашоого, турмушка, келечекке болгон ишенимдери кыйын кырдаалдарда кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушун изилдөөгө алган жазуучу ар бир каармандын психологиялык портреттерин терең ачып берүү менен, окурмандардын алдына алардын күрөшүнүн маани-мазмунун кеңири түшүндүрүп сүрөттөйт, турмуштук позициясын тактап көрсөтөт, жогорулатат. Сөздүн нугу согуш темасы менен тутумдашып турса да, анын негизги түйүнү адамдын адам болуу, ар кандай катаал учурларда бири-бирине жардам берүү, түшүнүү сыяктуу гуманисттик идеяларга бекем ширелгендигинде болууда. «Көкөй кести» - адамзатты гумандуулукка, согушту, согуш отун тутанды-руучуларды жек көрүүгө чакырган роман. Чыгармадагы башкы идея – Адамды, адам турмушун сүйүү, тынчтыкты, тазалыкты, күчтүү эркти даңазалоо. Романдын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу да дал мына ушунда. «Өзгөчө, «Көкөй кести» романы өзүнүн көркөмдүк-эстетикалык ажары, фило-софиялык жалпылоолору аркылуу толкуп-ташып турду. Өзү курлуу чыгармалардан аттын кашкасындай бөлүнүп турган бул романда жазуучу Адам тагдырын адамдык трагедия деңгээлине чейин көтөрүп таштаган эле. Дагы бир жагдай - аталган романдар (жазуучу Ө.Даникеевдин буга чейин жарык көргөн романы «Көз ирмемдеги өмүр» деп аталат - Б.Б.) жарык көргөндөн кийин көз ирмемдеги өмүр, көкөй кести деген сөз айкаштары, курулмалары кыргыз тилине байыр алып, семантикалык жылышка кабылуу менен, өздөрүнүн экинчи өмүрүн баштагандай болду». [1] Чыгарма, биринчи кезекте, жарык маанайга, оптимисттик духка ээ. Андагы курмандыктар асыл максат, бийик тилек-жеңиш үчүн болот. Ага чейин алар кадимкидей көп кырдуу, демек, кубаныч-шаттыгы да бар турмушту баштан өткөрүшөт. Алардын өлүмү өмүр үчүн болгонун адабиятчы, профессор К.Артыкбаев да өз макаласында[2] кеңири белгилеп көрсөтөт. Өзгөчө, согуштун биринчи жылы бийик тоодогулар үчүн анча деле оор болгон жок. Алар азык-түлүк, жем-чөп жагынан жетиштүү камсыз болушат. Тилегендери - согуш эртерээк бүтсө! Ушул ой менен азык-түлүктүн ашыкчасын согушка жөнөтүү үчүн эки атка артынып келаткан Мурат ашууда борон-чапкынга кабылып, бир атынан айрылып, көп кыйынчылыкты көрүп, данын эптеп тоого жашырып, өзү катуу ооруга чалдыгып, артка кайтууга аргасыз болот. Ушундан баштап тоодогу жашоо оорлой берет. Согуш бүтпөйт, айыл тараптан кабар алган эч ким жок, «Чоң Жер» менен байланыш үзүлөт. Тамак-аш жетишпейт, оору-сыркоо күчөйт, ал эми кыш болсо күчүндө. Бирок ушундай шартта да тоодогулардын үмүтү үзүлбөйт, алар бирин-бири андан бетер эш тутуп, жашоону улантышат. «Алар үчүн жакшылык иш, бийик максат - өмүрдүн туткасы».[3] Ушул себептен улам Мурат жана анын жанындагылар сыртынан караганда, аба-ырайын каттап турууну чоң Өкмөт үчүн керектүү иш деп санашат, бири-бирине кам көрүшөт, кичинекей Изатка тамга таанытып (окутуп), жашы жеткенде пионерге алышат. Тактап айтканда, бул жер-дегилердин жашоо-шарты канчалык оор болсо да, советтик адамдардын турмуш образын айкын ачып берүүгө жетишкен. Мейли, ызгардуу кыш, мейли, мээримдүү жаз болсун, алар жашоо, негизги милдети - эл алдындагы жоопкерчиликти - абийирдүүлүк менен аткаруу үчүн күрөшөт. Деги эле романда каармандардын эрк-кайраты, чымыр-канган эмгеги, боордоштук сезимдери өтө ишеничтүү сүрөттөлгөн. «Көп жактуу, көп үндүү полифониялык мүнөздөгү бул жагдай-роман, суроо-роман бүгүнкү күндүн адеп-ыймандык, философиялык чалкеш проблемаларын өз алдынча көркөм иликтөөгө алып, окурманды өткөн менен бүгүнкүгө шашпай саресеп салууга чакырганы менен баалуу. Романда реалдуулук менен шарттуулук, миф менен чындык, зарылдык менен кокустук ж.б. эриш-аркак жүрөт, жөнөкөй пенденин башына туш келген коомдук жоопкерчилик менен адеп-ыймандык милдеттин ортосундагы карама-каршылык акыр түбү Мураттын алдына олуттуу суроону айкүрүнөн коёт: Мындан ары эмне кылыш керек, эмнеликтен алыскы тоодо унут калтырылган метеостанциянын иштеп турушу үчүн ушунчалык көп курмандык талап кылынды, болгон күч-кубат батыштагы кан майданга жумшалып жаткан

[1] Усубалиев Б. Жылдыз ээрчиген Адам. Кыргыз Руху, 1994, 9-декабрь, № 30 (144), 7-бет.

[2] Артыкбаев К. Жашоо үчүн күрөш. Кыргызстан маданияты, 1986-ж., 14-август

[3] Асаналиев К. Көркөмдүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы. (Экинчи макала) Кыргызстан маданияты, 1985-ж., 4-апрель.

чакта алыскы тоодогу кичинекей метеостанциянын маалы-маттары анчалык эле зарыл беле?!»[4] - деген суроого макаланын автору Бектеш Шамшиев өзү кайра Мураттын ордуна жооп берет: «Мунун баарына Мураттын берер жообу дайын: илим үчүн, эртеңки күн үчүн станциянын журналындагы жөн адамга эч нерсени билдирбеген сандардын мааниси зор экендиги күмөнсүтпөйт», - дейт.

Чыгарманын сюжеттик өзөгү башкы каарман Мураттын тегерегине топтолот да, ал аркылуу өнүгүп, чыйралып олтурат. Автор Мураттын образын өз алдынча иштеп, аны ачууда көп аракеттерди жасаганы байкалат. Биз андан эч кандай жасалмалуулукту, ашкере көтөрө чалып идеализациялаган образды көрбөйбүз. Жазуучу Мураттын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун кадимки эле турмуштук ситуациялардын фонунда алат да, ошол аспектиден туруп көркөм иликтейт. Автор Мураттын образы аркылуу ошол согуш мезгилиндеги миңдеген элеттик кыргыз жаштарынын ой-тилегин, кыял-үмүттөрүн чагыл-дырып бере алган. Ал - бир караган адамга энөө, анча-мынчаны дароо эле капарына иле бербеген, кебелбеген, токтоо жигит. Канткен менен анын ниети таза, ак көңүл айыл азаматтарынын бири. Ошондуктан ал ар кандай кыйынчылыктарга карабай, өзүнүн жумушчу оруну болгон метеостанцияны таштап кетпейт. Журт башына түшкөн катаал кыйынчылыкты туура түшүнө билген Мурат өзүн эми биротоло керексиз адам катары кабыл албайт. Ал шартты, мезгилди туура баалап, метеостанциядагы жумуштун бардык жүгүн өз моюнуна алат. Ал муну жөн гана адамдык абийиринин алдындагы граждандык милдети, күндөлүк аткара жүргөн ишинин бири катары жасайт. «Келечек үчүн, илим үчүн пайдасы тиет» - деген ниети күн сайын артып, мөңгүгө барып-келип каттап, приборлордогу көрсөткүчтү кагазга түшүрөт. Дегинкисинде, адамдык сапат кыйын кезеңде билинип, кыйынчылыкта чыйралат эмеспи. Согушка чейин тынчтык күндөрдө өз курбуларынан анчейин айырмаланбай, өзгөчөлөнбөй жүргөн Мураттын инсандык жүрүш-туруш жактары дал ушул катаал кезеңде ачык билинет. Автор Мураттын мүнөзүндөгү эволюциялык өзгөрүүлөрдү кылдаттык менен ачып, ишенимдүү даражада сүрөттөйт. Эми ал жеке гана метеостанция үчүн жооп бербестен, өзү менен бирге жашап, медер-жөлөк болуп жүрүшкөн Айша апа, кичинекей Изат, Дарыйка, Гүлшан, Сакинайлардын тагдыры үчүн да өзүнүн адамдык абийиринин алдында жооп бере тургандыгын жакшы түшүнөт. Ошол себептен кичинекей жерге аштык айдап, арпа эгет, мал-жанга деп кыштык тоют, отун камдайт. Албетте, бул жумуш-тардын баарын ал жеке өзү аткарбайт. Дарыйка, Сакинай, Гүлшандардын жардамы менен бүткөрөт. Бирок ошондой болсо да эркек катары ал ошол «кичи» жердегилердин баарынын келечек тагдыры жөнүндө ойлонот, алар туурасында камкордук көрөт. Кичинекей Изатка кат таанытып, "мугалимдик" кылат. Биз жогоруда белгилеп кеткендей, Мураттын образы ашкере идеализацияланган образ эмес. Анда дагы ар кандай пенде баласына мүнөздүү кемчилик, өксүктөр бар. Анын мүнөзүндөгү бул өңдүү жетиш-пестиктерди Дарыйка менен болгон "окуядан" жана башка учурлардан кездештиребиз. Анан калса, Мурат менен Дарыйканын мындай мамилеге барышы турмуштук жагдайдан улам болуп өткөн ачуу чындык деп билсек болот. Бул жерде күнөө Муратта же Дарыйкада эмес. Күнөө адамдык тагдырларда, согушта деп айтсак туура болот.

Айша апанын образы жөнүндө айтсак, андан биз келечекке чоң ишеним менен караган даанышман энени көрөбүз. Айша апанын образы сырткы турпаты боюнча да, духу боюнча да залкар, ары колориттүү. Тоодогулардын акыл кеңешчисине айланган, бардык учурларда токтоолукту, сабырдуулукту көрсөтүп, ал кезек-кезек Мурат менен келиндерге баш-көз болуп, алардан нускалуу сөздөрүн аябай, энелик мээримин төгөт. Барга да, жокко да бирдей карап, кыйын чакта акылынан тайып, алдастабайт. Айша апанын образы акылман энелердин жаркын элесин эске салат. "Мында калк даанышмандыгынын кайталангыс даркан өкүлү катары өзүнүн данектей даана акылы менен, санжыргалуу салт-санаасы менен, нускалуу таалим-тажрыйбасы менен Айша апа балдарын балээлүү саат-сабырдан саксактаган умай энедей баарына баш-көз болду"...[5]

Дарыйканын образы мүнөзү тамашакөй, ишке келгенде жанын аябаган, шайыр иштерман аялдын элесин ачкандыгы менен эсте калат. Анын жан дүйнөсү ошол тоо коюнундагы алты адамдын баарынан айырмаланып, өзгөчөлөнгөн аял катары ачылган. Дарыйканын жүрүм-турум өзгөчөлүгү боюнча башка аялдардан эч кандай айырмалангандай касиет, белгилери деле жок. Ошондой болсо да автор бул аялдын образына айрым эркектерге мүнөздүү сапаттарды ыйгаргандыгы байкалат. Ал - иш дегенде ичкен ашын жерге койгон иштерман. Дарыйкадан көпчүлүк учурларда эркектер иштөөчү жумуштарды кабагым-кашым дебей аткара билген балбан

[4] Шамшиев Б. Сөз кудурети. Заман Кыргызстан, 1994, 16-декабрь, 368, 7-бет.
[5] Ибраимов К. Жогоруда аталган макаласынан.

аялдын элеси тартылат. Денесиндеги албуут жаштык дем-күч аны бардык кыйынчылыктарды көтөрүүгө шарт түзүп тургансыйт. Романдагы Мурат менен Дарыйканын, Дарыйка менен Сакинайдын орто-сундагы аял-эркектик, адамдык мамилелер турмуштук терең кырдаалдар менен коштолуп сүрөттөлөт. Ошондон улам Дарыйканын образына тийиштүү айрым пендечилик жорук-жосундар окурман үчүн катуу тийип, көңүлүн оорутпайт, бул каарманга карата болгон ички симпатиясын өчүрбөйт.

Романда мүнөзү өтө оор, түнт аялдын образы - Гүлшандын образы. Ачык-айрым шаңкылдаган кыял-жорукка караганда, мындай ичим тап мүнөз адамдар үчүн такай эле ойдогудай боло берет деп айтуу кыйын. Кантсе да Гүлшандын образы мындай токтоо, бардык маселени шашпай талдап, ойлонуп чече билүүгө болгон ички даярдыгынын жеткиликтүүлүгү менен айырмаланат. Ошондон улам автор турмуштун бардык тоскоолдуктарынан, сыноолорунан бул аялды тайгылтпай өткөрүп, акыр аягында "өзгөчө тапшырма" аткарышкан алты адамдын ичинен аман калган, айылга жеткен каармандардын бири да ушул Гүлшан болуп эсептелет. Бул жагынан алганда, жазуучу Ө.Даникеев Гүлшандын образына чоң милдеттерди жүктө-гөндүгү айдан-ачык болот. Аталган каарман романда ошондой чоң жүктү аркалап келгендиги менен эсте калат жана баалуу демекчибиз.

Сакинайдын образы болсо чыгармада Гүлшанга карама-каршы планда иштелген образ катары көрүнөт. Сакинай - Мураттын өмүрлүк жары жана экөө тең оорукчал адам. Сакинайдын жүрөгү ооруса, Мурат талмалуу. Экөөнүн дагы бир кайгысы - Сакинай төрөбөйт. Мурат экөөнүн ортосундагы боло келген карама-каршылыктын бири да ушул. Сакинай чыгармада ошол жүрөк оорусунан каза болот. Кичинекей Изаттын too арасында жоголуп кетиши өзүнчө трагедияны жаратат. Чоң адамдар баары курман болгон күндө да Изат аягында тирүү калып, турмушту, жашоону улантышы керек эле. Анткени келечек жаштарга таандык деген түшүнүк менен ой жүгүртсөк, анда чыгармадагы жаш каарман Изат тирүү калыш керек болчу. Бирок тагдыр экен, ал андай максат-тилегине жеткен жок. Бул жерден, чындыгында, айрымдар авторду күнөөлөшү мүмкүн. Бирок ар кандай курмандык, трагедия келечек үчүн кызмат кылса, анда ал пайдалуу же оптимисттик трагедия болот. Жазуучу Ө.Даникеев бул романында каар-мандардын көркөм образын жаратууда бийик чеберчиликтин, таамай тактыктын чыныгы үлгүсүн көрсөтө алды. Демек, жазуучунун жана анын аталган чыгармасынын жалпы ийгилиги ушул сапаттары менен өлчөнөт. Мындай жетишкендик, чыгармачылык ийгилик бардык жазуучулардын эле колунан келе бербеши бышык. Ал эми жазуучу Ө.Даникеев болсо табигый шык-жөндөм жылоологон, таасын талант даарыган адам.

**Адабияттар:**


1. Артыкбаев К. Жашоо үчүн күрөш. /Кыргызстан маданияты, 1986, 14-август.

2. Асаналиев К. Көркөмдүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы (Экинчи макала) /Кыргызстан маданияты, 1985, 4-апрель.

3. Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. /Кыргызстан маданияты, 1985, 20-июнь.

4. Усубалиев Б. Жылдыз ээрчиген адам. /Кыргыз руху, 1994, 9-декабрь, № 30.

5. Шамшиев Б. Сөз кудурети./ Заман Кыргызстан, 1994, 16-декабрь, № 368.